ОИ боюнча завуч: [illegible]

**Предмети/ Классы:** 8-класс
**Сабактын темасы: Уйку жана анын маанисиси.**
**Сабактын тиби:** Жаңы материалды түшүндүрүү
**Колдонулуучу методдор жана ыкмалар:** сүйлөмө, иллюстрациялап түшүндүрүү, көрсөтмөлүүлүк.
**Колдонулуучу каражаттар:** сүрөттөр, таркатмалар, ББББК таблицасы, интерактивдүү доска

| Сабактын максаттары: | Күтүлүүчү натыйжалар: |
|---|---|
| **Билим берүүчүлүк**<br>Организм үчүн уйкунун мааниси, анын организмге тийгизген таасири, уйкунун гигиенасы жөнүндө маалымат алышат. | Организм үчүн уйкунун маанисин, организмге тийгизген таасирин, уйкунун гигиенасын айтып бере алышат. |
| **Өнүктүрүүчүлүк**<br>Уйку жана анын маанисин, гигиенасын билүү менен уйкунун пайдалуу жактарына талдоо жүргүзүшөт, уйкусуздуктун алдын алуу жолдору жөнүндө талкуу жөргөзөшүт. | Уйкунун түрлөрүнө талдоо жүргүзүшөт, уйкусуздуктун алдын алуу жолдорун талкуулашат. |
| **Тарбия берүүчүлүк**<br>Уйкунун адам үчүн маанилүүлүгүн билип, тема боюнча алган билимдерин турмушта колдонуу менен бирге гигиеналык эрежелерди туура сактоого тарбияланышат. | Уйкунун организм үчүн маанисин билишет, ден соолукка кам көрүшөт. |

| Негизги компетенттүүлүк | Предметтик компетенттүүлүк |
|---|---|
| 1. Маалыматтык (НК1) | 1. Жандуу обьектилерди таануу жана баяндоо. (ПК1) |
| 2. Социалдык-коммуникативдик (НК2) | 2. Биологиялык процесстер жана кубулуштарды илимий жактан түшүндүрүү. (ПК2) |
| 3. Өзүн-өзү уюштуруу, маселени чече билүү (НК3) | 3. Жаратылыштагы ар түрдүү көрүнүштөрдү, өзгөрүүлөрдү илимий далилдерди пайдалануу менен чечмелөө. (ПК3) |

**Сабактын мазмуну:**

| Сабактын этаптары, убакыт | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети | НК | ПК | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|
| Уюштуруу: 3мин. | Окуучулар менен саламдашат.<br>Окуучуларга жагымдуу маанай тартуулайт. | Окуучу мугалим менен жагымдуу маанайда учурашат. | НК2 | | |
| Үй тапшырманы текшерүү<br><br>6мин. | Окуучуларды топторго бөлүп,таркатмалар берилет.<br>1. Адамдын эске тутуусунун кандай түрлөрүн билесиңер?<br>2. Эске тутуунун физиологиялык механизми кандай? | Окуучулар топтордо өз алдынча иштешип, таркатмаларга даярданып жооп беришет. | НК2 | ПК2 | |
| Актуалдаш-тыруу<br>1 мин | . Мугалим сабактын темасын, максатын айтат.<br>. мугалим окуучулардын тема жөнүндө билимин текшерип, диагностикалык баалоо жүргүзөт. | Окуучулар уйку боюнча билгендерин талкуулашат жана өз алдынча ой жүгүртүшөт. | НК2 | | |
| Жаны теманы түшүндүрүү<br><br><br>Практикалык иш | Мугалим сүрөттөрдү, видеосабакты пайдалануу менен уйку жана анын мааниси, гигиенасы, уйкунун түрлөрү жөнүндө иллюстрациялап тема боюнча кенен маалымат берип түшүндүрөт.<br><br>Мугалим окуучуларды топторго бөлүп, уйкунун бузулуусунун себептери боюнча БББКны толтурууга багыт берет.<br>Уйку боюнча видеоролик. | Уйку жана анын маанисин билип, белгилөө жүргүзөт.<br>Уйкунун түрлөрүн атап, айырмасын айтып берет.<br>айтып берет.<br>Уйкусуздуктун алдын алуунун жолдорун талкуулашат.<br><br>Окуучулар топтордо өз алдынча иштеп, БББКны толтурат.<br><br>Видеороликти көрүү менен бирге өз ойлорун айтып, | НК1, НК2 | ПК2 | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | талкуу жүргүзүшөт. | | | |
| Бышыктоо. | 1. Окуучулардан түшүнбөй калган учурлар болсо, тактап алышын сунуштайт.<br>2. Уйкунун кандай түрлөрү бар?<br>3. Уйкусуздуктун келип чыгуу себептерин атагыла?<br>4. Уйкунун организмге кандай мааниси бар? | Берилген суроолорго жооп беришет<br>-Китеп менен иштейт.<br>Бири-бирине суролорду берип, талкуулашат. | НК3 | ПК2 | |
| Баалоо | Окуучулардын сабактагы иш аракетин баалоодо диагностикалык жана формативдик баалоону колдонот. | Окуучулар бири-бирин баалашат. | НК2 | | |
| Уй тапшырмасы | Уйку жана анын маанисин окуп үйрөнүшөт.<br>Убагында уктап турууга байкоо жүргүзүшөт.<br>Кошумча маалымат чогултуу. | Параграф 23тү окуп келишет. Окуучулар өздөрүнө убагында уктап ойгонуусуна байкоо жүргүзүшөт.<br>Уйку жөнүндө кошумча маалымат чогултушат. | НК3 | ПК2 | |